КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МОН (2)

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

2020-жылдын 20-майы, № 262

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн өзгөчө кырдаалдын/өзгөчө абалдын шарттарында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо маселелерин укуктук жактан жөнгө салуу максатында, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 “Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүүчү уюмдарынын иш-аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө жободо:

- 1.7-пунктундагы “Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги” деген сөздөр “билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган” деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 2.2-пунктундагы “Билим жана маданият министрлиги” деген сөздөр “Өкмөтү” деген сөз менен алмаштырылсын;
- 3.1-пунктундагы “Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги” деген сөздөр “билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган” деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 3.7 жана 3.8-пункттарындагы “Билим жана маданият министрлиги” деген сөздөр “Өкмөтү” деген сөз менен алмаштырылсын;
- 3.11-пунктундагы “Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги” деген сөздөр “билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган” деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 5.9-пунктундагы “Билим жана маданият министрлиги” деген сөздөр “Өкмөтү” деген сөз менен алмаштырылсын;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

от 20 мая 2020 года № 262

**О внесении изменений в некоторые решения Правительства Кыргызской Республики в сфере высшего и среднего профессионального образования**

В целях правового регулирования вопросов проведения итоговой государственной аттестации выпускников образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики в условиях чрезвычайной ситуации/чрезвычайного положения, в соответствии со статьей 14 Закона Кыргызской Республики «Об образовании», статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики от 3 февраля 2004 года № 53 «Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих деятельность образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики» следующие изменения:

в Положении об образовательной организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденном вышеуказанным постановлением:

- в пункте 1.7 слова «Министерством образования и культуры Кыргызской Республики» заменить словами «уполномоченным государственным органом в области образования»;
- в пункте 2.2 слова «Министерством образования и культуры» заменить словом «Правительством»;
- в пункте 3.1 слова «Министерством образования и культуры Кыргызской Республики» заменить словами «уполномоченным государственным органом в области образования»;
- в пунктах 3.7 и 3.8 слова «Министерством образования и культуры» заменить словом «Правительством»;
- в пункте 3.11 слова «Министерством образования и культуры Кыргызской Республики» заменить словами «уполномоченным государственным органом в области образования»;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Кирүүчү Входящий № 5177/1
22 - 05 - 2020 г.

- 5.11-пунктундагы "Билим жана маданият министрлиги" деген сөздөр "Өкмөтү" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 6.5-пунктундагы "Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги" деген сөздөр "билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жободо:

- расмий тилдеги текстинин 3-главасындагы 14 жана 15-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"14. Государственную аттестационную комиссию возглавляет председатель, который организует и контролирует деятельность комиссии, обеспечивает единство требований, предъявляемых к выпускникам.

Председателем государственной аттестационной комиссии должно быть лицо, не работающее в данном высшем учебном заведении, из числа докторов наук, профессоров соответствующего профиля, а при их отсутствии - кандидатов наук или крупных специалистов предприятий, организаций, учреждений, являющихся потребителями кадров данного профиля.";

- 4-главасы төмөнкүдөй мазмундагы $15^1$-пункт менен толукталсын:

"$15^1$. Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы № 354 токтому менен бекитилген Билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуунун тартибине ылайык аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилет.

Ушуну менен бирге жашыруун режимин сактоону талап кылган, жеткиликтүүлүгү чектелген грифтеги сабактарга, ошондой эле маданият жана искусство боюнча жогорку окуу жайларында атайын чыгармачылык сабактарга карата аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилбейт.".

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жободо:

- в пункте 5.9 слова «Министерством образования и культуры» заменить словом «Правительством»;

- в пункте 5.11 слова «Министерством образования и культуры» заменить словами «Правительством Кыргызской Республики»;

- в пункте 6.5 слова «Министерством образования и культуры Кыргызской Республики» заменить словами «уполномоченным государственным органом в области образования».

2. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих деятельность образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики» от 29 мая 2012 года № 346 следующие изменения:

в Положении об итоговой государственной аттестации выпускников высших учебных заведений Кыргызской Республики, утвержденном вышеуказанным постановлением:

- в тексте на официальном языке пункты 14 и 15 главы 3 изложить в следующей редакции:

«14. Государственную аттестационную комиссию возглавляет председатель, который организует и контролирует деятельность комиссии, обеспечивает единство требований, предъявляемых к выпускникам.

Председателем государственной аттестационной комиссии должно быть лицо, не работающее в данном высшем учебном заведении, из числа докторов наук, профессоров соответствующего профиля, а при их отсутствии - кандидатов наук или крупных специалистов предприятий, организаций, учреждений, являющихся потребителями кадров данного профиля.»;

- главу 4 дополнить пунктом $15^1$ следующего содержания:

«$15^1$. В условиях режима чрезвычайной ситуации/чрезвычайного положения допускается проведение итоговой государственной аттестации выпускников в режиме онлайн с применением дистанционных образовательных технологий в соответствии с Порядком применения дистанционных образовательных технологий при реализации образовательных программ, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 26 июня 2014 года № 354.

При этом проведение итоговой государственной аттестации выпускников в режиме онлайн с применением дистанционных образовательных технологий по дисциплинам с ограничительным грифом доступа, требующим соблюдения режима секретности, а также по специальным творческим дисциплинам в высших учебных заведениях культуры и искусства не допускается.».

3. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении актов, регулирующих деятельность образовательных

- төмөнкүдөй мазмундагы $16^1$-пункт менен толукталсын:

"$16^1$. Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы № 354 токтому менен бекитилген Билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуунун тартибине ылайык аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилет.

Ушуну менен бирге жашыруун режимин сактоону талап кылган, жеткиликтүүлүгү чектелген грифтеги сабактарга, ошондой эле маданият жана искусство боюнча кесиптик орто билим берүүчү уюмдарындагы атайын чыгармачылык сабактарга карата аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилбейт.".

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнундагы № 354 "Аралыктан билим берүү технологиясын колдонууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуунун тартибинде:

- 20-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи-төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

"Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында билим берүү уюму тарабынан аныкталган тартипте аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде билим алуучуларды орто аралык аттестациялоого жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилет, буга төмөнкү бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо кирбейт:

- жашыруун режимин сактоону талап кылган, жеткиликтүүлүгү чектелген грифтеги сабактар боюнча;

- маданият жана искусство жаатындагы билим берүүчү уюмдарындагы атайын чыгармачылык сабактар боюнча.".

5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики» от 4 июля 2012 года № 470 следующее изменение:

в Положении об итоговой государственной аттестации выпускников образовательной организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденном вышеуказанным постановлением:

- дополнить пунктом $16^1$ следующего содержания:

«$16^1$. В условиях режима чрезвычайной ситуации/чрезвычайного положения допускается проведение итоговой государственной аттестации выпускников в режиме онлайн с применением дистанционных образовательных технологий в соответствии с Порядком применения дистанционных образовательных технологий при реализации образовательных программ, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 26 июня 2014 года № 354.

При этом проведение итоговой государственной аттестации выпускников в режиме онлайн с применением дистанционных образовательных технологий по дисциплинам с ограничительным грифом доступа, требующим соблюдения режима секретности, а также по специальным творческим дисциплинам в образовательных организациях среднего профессионального образования культуры и искусства не допускается.».

4. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих применение дистанционных образовательных технологий» от 26 июня 2014 года № 354 следующие изменения:

в Порядке применения дистанционных образовательных технологий при реализации образовательных программ, утвержденном вышеуказанным постановлением:

- пункт 20 дополнить абзацами вторым-четвертым следующего содержания:

«В условиях режима чрезвычайной ситуации/чрезвычайного положения допускается проведение промежуточной аттестации обучающихся и итоговой государственной аттестации выпускников в режиме онлайн с применением дистанционных образовательных технологий в порядке, определяемом образовательной организацией, за исключением итоговой государственной аттестации выпускников:

- по дисциплинам с ограничительным грифом доступа, требующим соблюдения режима секретности;

- по специальным творческим дисциплинам в образовательных организациях культуры и искусства.».

5. Министерству образования и науки Кыргызской Республики:

- привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением;

- принять соответствующие меры, вытекающие из настоящего постановления.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел образования, культуры и спорта Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

7. Настоящее постановление вступает в силу со дня официального опубликования.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АППАРАТЫ
АППАРАТ ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ